**УДК 323.28**

***Сыйырбеков Т.А., Бейшенкулов Э.Т.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***T. A. Sairbekov, E. T. Beishenkulov***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИЗМ МАСЕЛЕЛЕРИ

# ПРОБЛЕМЫ МЕЖДУНАРОДНОГО ТЕРРОРИЗМА В СОВРЕМЕННОМ МИРЕ

# THE INTERNATIONAL PROBLEM OF TERRORISM IN THE MODERN WORLD

***Аннотация:*** *Азыркы учурда дүйнө жүзүндөгү эн коркунучтуу нерсе – эртеңки жашоого күмөндүктү, коркунучту туудурган эл аралык терроризм маселеси болуп эсептелет. Макалада жыл сайын укмуштуудай көбөйүп, улам бир жаңы аймакка бүлүк салган терроризм жөнүндө, анын жайылышы жана айрым бир себептери тууралуу сөз болду.*

***Негизги сөздөр:*** *аймактык уюмдар; диний жана коомдук маселелер; коркунуч; эл аралык уюмдар; терроризм.*

***Аннотация:*** *В современном мире самыми опасными являются вопросы, связанные с международным терроризмом, представляющим угрозу для завтрашнего дня общества. В статье говорится о том, как терроризм проникает в новые области, и раскрываются отдельные причины его распространения.*

***Ключевые слова:*** *международные организации; региональные организации; религиозные и социальные проблемы; опасность; терроризм.*

***Annotation:*** *At present, the most dangerous thing to think about tomorrow. There are questions that pose a threat to international terrorism. The article says how each year about the new area of terrorism and its spread, as well as some of the reasons, are growing.*

***Keywords:*** *danger; international organizations; regional organizations; religious and social problems; terrorism.*

Бүгүнкү күндө терроризм бүткүл адамзаттын жашоосунун айрып алгыс бир бөлүгү болуп, дүйнө жүзүнө келечек үчүн, эртенки жашоо үчүн ички күмөндү, коркунучту пайда кылган нерсе болуп отурат. Ал ар бир өлкө үчүн саясий да, экономикалык да көйгөй жаратып келүүдө. Анткени, терроризм – бул саясий жана экономикалык максаттарга мыйзамсыз жолдор менен жетүүгө аракет жасоо.

Бирок айрым талдоочулар кыргыз мыйзамдарында «терроризм» түшүнүгү жеткиликтүү чечмеленбегенин айтып келишет. Кадыр Маликов, дин маселелери боюнча эксперт: «Бул түшүнүктөрдү так классификациялай турган адисттер жок болуп жатат, тилекке каршы. Ошол үчүн биздин күч кызматтар вахабисттер, жихадчылар, террорчулар деп, ар кандай аталыштарды айтып жатышат.

Бул биздин коом үчүн өтө опурталдуу. Анткени, кыргызстандыктардын басымдуу көпчүлүгү мусулман экенин эске алсак, коомчулук менен бийликтин ортосунда чоң ажырым кетиши мүмкүн. Бийликтин ар бир кадамы, ар бир билдирүүсүн коомчулук «антиисламчыл» катары кабылдап калышы мүмкүн. Бул жагына алып караганда күч кызматтарынын билими жетишсиз».[1]

Чындыгында, террористтик аракеттер белгилүү бир топту, болбосо, бүтүндөй мамлекетти бутага алышы мүмкүн. Анын артында дагы кайсыл бир топтор же болбсо бүтүндөй мамлекет турат. Ал турсун, бийлик режиминин өз элине каршы жасаган иш-аракеттери дагы террорчулук деп бааланат. Ошентип, террорчулук – бул күч колдонуу. Ал коомчулукту же

болбосо бүтүндөй мамлекетти коркутуу менен өзүнүн саясий максаттарын ишке ашырууга багытталат. Ал турсун мамлекет же болбосо өлкө башында турган элита дагы террорчунун ролунда болушу мүмкүн. Террористтик бир гана диний көз караштагылар арасында эмес, светтик чөйрөдө дагы болуп келет.

Ал эми энциклопедияда терроризм – системалык түрдө террорго таянуу менен жүргүзүлгөн саясат. Негизинен а) террордук акцияны уюштуруу, пландоо, даярдоо жана ишке ашыруу; б) террордук акцияларга, террордук максаттарда жеке адамдар же коомдук, мамлекеттик уюмдардын үстүнөн күч колдонууга, материалдык объектилерди жок кылууга шыкактоо; в) мыйзамсыз куралдуу бирикмелерди, кылмыштуу топторду (кылмыштуу уюмдарды), террордук акцияларды ишке ашыруу же ага катышууга чакыруу; г) террорчулукка үгүттөө, окутуп-үйрөтүү жана террорчуларды колдоо, пайдалануу; д) террордук уюмду, топторду каржылоо же башкача жардам көрсөтүү терроризмге жатат. [2]

Террордун (латынча terror – коркутуу, үрөйүн учуруу) синоними «зордук кылуу, күчкө салуу», «чочутуу» болуп саналгандыктан, ушул сыяктуу жол менен тигил же бул аракеттерди жасоого мажбурлоо жана коркутуу же баш тарттыруу же ошол эле максатта аракет жасайм деген коркутуулар да терроризм деп аталат. Кеңири мааниде: 1) террор саясаты жана аны иш жүзүнө ашыруу үчүн күч колдонулган кылмыштын бир түрү; 2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында өрттөө, жардыруу же адамдарга өлүм коркунучун жаратуучу, олуттуу зыяндарга, болбосо башка коомдук коркунучтуу кесепеттерге алып келүүчү иш-аракеттерди жасоо, эгер ал аракеттер коомдук коопсуздукту бузуу, мамлекеттик бийликти алсыратуу максатында калкты коркутуу же болбосо террорчулар же террордук уюмдардын кызыкчылыгы үчүн мамлекеттик органдарды, эл аралык, коммерциялык, коомдук ж. б. уюмдарды тигил же бул аракеттерди жасоого мажбурлоо терроризм катары каралат. Мүнөзү жагынан терроризм уюшулбаган (жеке), уюшулган, улуттук, диний, идеологиялык болуп бөлүнөт. [3]

Алгач терроризмдин регионалдык аймактан дүйнөлүк масштабга чыгып, бүгүнкү күндүн глобалдуу маселесине айланышы 19 к. 90-жылдарына таандык. Эгерде статистикалык эсептөөлөргө таянсак, 1980-жылдары дүйнө жүзү боюнча терроризм боюнча 500 акт катталса, 2006 жылы 14338 акт катталып, ал эми 2016 жылга карай бул эки эсеге көбөйгөн. Көрүнүп тургандай, терроризм учурда улуттук, аймактык баскычтан чыгып, бүткүл дүйнөлүк коркунуч туудурган глобалдуу, эл аралык маселелердин бирине айланып отурат.

Акыркы он жылдыктагы адамзатынын өнүгүүсүн көптөгөн илимий негиздеги иликтөөлөрдө, о.э. окумуштуулардын айтымына караганда, эл аралык терроризмдин булагы болуп – башкаруусу алсыз, этникалык жана маданий же диний ишенимдери күчтүү, экономикасы өнүкпөгөн жана чек аралар жетишээрлик деңгээлде кайтарылбаган өлкөлөр эсептелип келүүдө. Ошол эле учурда ылдам таратылуучу маалыматтардын жаңы каражаттарын колдонуу жана башка технологиялык жетишкендиктерди улуттук террористтик сетте иштетүү үчүн мыйзамсыз колдонуу коркунучтары сакталып келүүдө.

Бул тармактагы окумуштуулар А.Д. Урсул менен А.Л. Романовичтин божомолуна караганда, эл аралык терроризм укмуш катастрофалык жыйынтык алып келүүчү цивилизация согушун алып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, учурдагы терроризмдин күч алып жаткан убактысында мындай болушу толук ыктымал.[4]

Ошентип, эгер 18-кылымга чейин терроризм негизинен диний багытта гана болуп келген болсо, Француз революциясынан кийин саясий багытка өтүп, ал эми учурда улуттук территориядан чыгып, эл аралык денгээлге жетти. Муну алардын террористтик чабуулунун камтыган аймагынын тездик менен кенейип турушу, ал чабуулдардын максатынын, форма менен мазмунун өзгөрүшү, бирок ошол эле учурда субьектилер базасынын көбөйүшү далилдеп турат. Улуттук террористтик группалардан сырткары, террористтик күрөштүн методдору менен иш алып барып, аны бийик туткан мыйзамсыз аскердик уюмдардын жана башка экстремисттик уюмдардан да сырткары эл аралык террористтик уюмдар (международные террористические организации – МТО) пайда болууда.

Мындай уюмдардын тизмесине кирген бир же бир канча өлкөлөрдүн жарандары биригип алып жасаган кыянатчылык иштери башка бир өлкөнүн конституциялык түзүлүшүнө зыян келтирүү же эл аралык укук, мамилени бузуу, ушул аракеттери аркылуу мамлекеттин башкаруу бийлигинен баштап, ошол мамлекеттин карапайым элине да наразылыгын көрсөтүү. Көпчүлүк учурда алардын наарзылыгы жөнөкөй күнөөсүз элдин, массанын курмандыктарынын болушу менен коштолот. Ошондуктан террористтик актылардын баары эл көп чогулган жерге пландаштырылып, көпчүлүктүн ортосунда ишке ашырылат. Ошентип, бугунку күндө терроризм менен уюшулган кылмыштуулуктун биригиши сыяктанат. Бирок кылмыштуулук менен каракчылык терроризмдин бир бутагы гана болуп, анын ишин жүргүзгөн жеке аткаруучулар болуп калууда.[5]

Коом үчүн эл аралык террористтик уюмдардын жараткан коркунучу өтө күчтүү, анткени алардын каржылап турган өздөрүнүн булактары бар жана коркунучтуу иштерин дүйнөнүн ар кайсы аймактарында ишке ашырышат. Бул элдин эртеңки жашоосу үчүн коркууну, ишенбестикти алып келип, ал эми аларды коргой албаган, бейпилдикти, тынчтыкты, стабилдүү жашоону бере албаган мамлекеттин авторитетин түшүрүп, басып жок кылууга аракет жасагандыгы. Кийинки мезгилдерде өзгөчө этноулуттук жана диний-саясий эл аралык террористтик уюмдар тынбай иш-аракет жүргүзүп келүүдө. Мис.: Аль-Каида, Хезболла, «Братья-мусулмане», Аум Синрике, ЭТА ж.б. Булардын көпчүлүгү эл аралык терроризимдин субьектилеринен болгон башка өлкөлөрдүн атайын кызматтары менен байланышта болуп, алар террористтик уюмдарды коргоп, колдоп башка мамлекеттин саясатына, экономикалык түзүмдөрүнө каршылыгын тымызын ишке ашырып турат.[6]

Эл аралык террористтик уюмдарга айрым бир эл аралык, мамлекетке каршы топтун кызыкчылыгында эл аралык копсуздукту бузуу, сырткы саясий экспансияны жаратуу, ошонун негизинде өтө көп жоготууну пайда кылуу иштери мүнөздүү. Ошентип, бүгүнкү күндөгү эл аралык терроризм бүткүл жер жүзүнө коркунуч пайда кылып турган, коркунучтуу курал деп атоого болот.

**Адабияттар:**


1. Кыргызстан: улуттук энциклопедия. 6-том / Башкы редактору Асанов Ү. А. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014.
2. Статистика. Терроризм (сайт) URL. Htp//privacay and terrorist/org/star
3. Урсул А.Д., Романович А.Л. Безопасность и устойчивое развитие. М., 2001.
4. Профилактика экстремизма и терроризма. Методическое пособие пропагандистам // Под редакцией Л.Н. Панковой, Ю.В. Таранухи. М., 2015
5. Country Reports on Terrorism. U.S. Departntnt of Stat (сайт)/ URL. http//www.stste.jovi
6. Интернет булагы Htt// old.kabar.kd/kur/ MMKKGuuralu/ful/ 68952


**Рецензент:** *канд. филос. наук, доцент Самыйканов А.*